**УДК: 373.2**

***Курманалиева М.***
*Курманалиева Мээрим – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛА БАКЧАДАГЫ БАЛДАРДЫН ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНДА ОЮН ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ ДЕТЕЙ ДЕТСКОГО САДА

# THE INFLUENCE OF GAME TECHNOLOGIES ON THE FORMATION OF THE PERSONALITY OF KINDERGARTEN CHILDREN

***Аннотация:*** *Оюн технологиясы абдан мектепке чейинки билим берүү жана билим берүү жараянынын бардык бөлүмдөрүнө таасир этет жана анын негизги милдеттерин чечет. Оюн технологиясы ар кандай педагогикалык оюндар түрүндө иш-чараларды уюштуруу боюнча топтук жана кабыл алуу ыкмаларын жетиштүү санын камтыйт. Оюн технологияларын колдонуу зарылдыгы төмөнкү себептер менен шартталган: - ата-энелердин талаптары, мамлекет; - билим берүүнүн максаттарын жана мазмунун жаңыртуу, билим берүүнү санариптештирүү, билим берүү багыттары. Мамлекеттик жалпы билим берүү стандарттарында оюн технологиясы мектепке чейинки баланын*

*инсандыгын социалдаштыруу үчүн өтө маанилүү.*

***Аннотация:*** *Игровые технологии сильно влияют на все разделы дошкольного образования и образовательного процесса и решают его основные задачи. Игровая технология включает в себя достаточное количество групповых и приемных приемов организации деятельности в виде различных педагогических игр. Необходимость применения игровых технологий обусловлена следующими причинами: - социальным заказом родителей (законных представителей), государством;-обновлением целей и содержания образования, цифровизацией образования, направлений образования. В государственных общеобразовательных стандартах перед игра имеет решающее значение для социализации личности дошкольника.*

***Abstract:*** *Gaming technologies greatly influence all sections of preschool education and the educational process and solve its main problems. Game technology includes a sufficient number of group and reception techniques for organizing activities in the form of various pedagogical games. The need to use gaming technologies is due to the following reasons: - social order of parents (legal representatives), the state; - updating the goals and content of education, digitalization of education, areas of education. In state general educational standards, play is crucial for the socialization of a preschooler's personality.*

***Ачкыч сөздөр:*** *ички сезим, мамиле тутуму,оюн технологиясы, оюндун түрлөрү.*

***Ключевые слова:*** *внутреннее чувство, система отношений, игровые технологии, типы игр.*

***Key words:*** *inner feeling, system of relationships, gaming technologies, types of games.*

Мектеп жашына чейинки балада негизги иш-аракет, эмгекке даярдоонун мектеби жана тарбиялоонун каражаты. Оюнда бала өзүнүн ички сезимдерин, мамилелер тутумун чагылдырат, өзүн кабыл алууну, түшүнүүнү үйрөнөт жана ыктыярдуу иш-аракеттерди калыптандырат. Оюндагы кыймылдарды өздөштүрүү үчүн бала ар кандай заттардын жардамы менен машыгат, ошентип ал белгилүү бир инсандык сапаттарды өрчүтөт.

Психологдун айтымында Д.Б.Эльконин [5] "Оюн психологиясы" эмгегинде 1-3 жаштагы балдардын оюн ишмердүүлүгүн карайт. Алар мектепке чейинки курактагы балдардын оюн иш-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө көнүл бурган, оюндун көрүнүшү, социалдык мазмуну жагынан. Толук оюнду түзүү жай процесс. Бул балдардын өнүгүүсүнө жана жүрүм-турумуна таасир этет жана чоңдордун жетекчилиги менен байланыштуу.

Окумуштуу педагог И.Б. Бекбоев: "Оюнсуз эч кимге эч нерсе үйрөтө албайсың", анткени оюн окутууга инсандык мүнөз берет. Ошондуктан окуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу сезимталдуу эмес, супсак болот" деген [3].

Оюн учурунда бала биринчи кезекте оюндун эрежелерин үйрөнөт. Экинчиден, оюндар-бул мамилелерди куруунун жолу жана орду. Үчүнчүдөн, оюндар өнүгүүнүн булагы болуп саналат. Оюндун ар кандай түрүн баланын жаш курагын эске алуу менен тарбиячылар же ата-энелер уюштурушу керек.

Оюндар башка иш-аракеттер сыяктуу эле социалдык мүнөздөмөлөргө ээ болгондуктан, алар адамдардын тарыхый шарттарына жараша өзгөрүп турат. Балдар жөнүндө оюндар-бул чындыкты чыгармачылыкы чагылдыруунун өзгөчө формасы. Ал фантазиясын оюн иш-аракеттеринде сыйкырдуу образды кайра элестетүү үчүн колдонгон. Ат оюндар балдардын когнитивдик өнүгүүсүнүн булагы болуп саналат. Ар кандай сюжеттик оюнду ойноо үчүн балдар ал жөнүндө маалымат алышы керек. Мисалы, "Профессия" оюнун ойноп жатып, бала анын ишин байкап, тааныштырганда аң-сезимге жана жашка байланыштуу оюндун мазмунун ачууга аракет кылат. Бул оюн инсандык сапаттарды калыптандыруунун шарты болуп саналат. Ар кандай оюн баланын акылынын өнүгүшүнө таасирин тийгизет.

Мындан тышкары, психологиялык жана педагогикалык адабияттарда оюндун бир нече түрлөрү белгиленген [4]:

• *Кыймылдуу оюн* баланын ден-соолугун чыңдоонун, эрк аракеттеринин калыптанышынын, коллективде жүрүм-турумдун эрежесин өздөштүрүүнүн каражаты.

• *Дидактикалык оюнда* баланын таанып-билүү мүмкүнчүлүгү активдешет, акыл-эсинин өнүгүүсүнүн шарты.

• *Сюжеттүү же чыгармачыл оюнда* – бала чоң кишилердин жүрүм-турумун, ишин туурайт, окшоштуруп оюн аркылуу чагылдырат. Оюн психикалык процесстердин пайда болуп калыптанышына таасир этет.

Оюндун бардык түрлөрүн бала бакчада же үй шартында уюштуруп өткөрүү мүмкүн жана зарыл, мындай максатта кыргыздын улуттук көптөгөн оюндарын белгилөөгө болот. Эрте жаш курактагы бөбөктөр менен кыргыздын элдик жана акын жазуучулардын чыгармаларынан тандалган оюндарды өткөрүү алардын кызыгуусун пайда кылып, кабыл алуусуна, оюн формасында өздөштүрүүсүнө таасир этет. Мисалы, "Сен жат, сен тур", "Чып-чыпалак" элдик ыр түрүндө берилген оюндар, А.Кыдыровдун "Жашынмак" деген

сыяктуу көптөгөн чыгармалары өнүгүүнүн булагы катары каралат. Ал эми “Учту-учту”, “Ачакей-жумакей” ж.б. элдик кыймылдуу оюндар баланын ой-жүгүртүүсүн, кыймылдуулугун активдештирет [1;2]. Аталган жана башка көптөгөн кыргыз элинин улуттук оюндары баланын таанып-билүүсүн өнүктүрөт. Оюн баланын өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ.

Оюн баланын инсандык сапаттарынын калыптаныш булагы жана тарбиялоонун каражаты. Оюн иш-аракетинде балдар коллективинде курбалдаштары менен мамилени жөнгө салууда оюн маанилүү орунга ээ болуп, жүрүм-турумдун нравалык нормасы түзүлө баштайт, нравалык сезим байкалат. Балдар оюнда активдүү, алар мурда кабыл алгандарын чыгармачылык менен кайра түзөт жана өздөрүн, эрк аракеттерин башкарышат. Башка адамдын образы аркылуу баланын жүрүм-туруму калыптанат. Өзүнүн жүрүм-турумун башка адамдын жүрүм-туруму менен дайыма салыштыруунун натыйжасында, балдар өзүн “мен” деп, жакшыраак билүүсү пайда болот. Демек, баланын инсан катары калыптанышында ролдук оюн өзгөчө таасир этет.

**Адабияттар:**

1. Абдуллаев М. Улуттук оюндар / М.Абдуллаев, М.Кийизбаев, Ч. Акматов. – Б., 2011. - 361-бб.

2. Анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. - Б., 1991. - 191-б.

3. Бекбоев И.Б. “Инсанга багыттап окутуунун технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери”. - Бишкек, 2011. - 340-бет.

4. Кошалиева, С. Использование игровых технологий в оздоровлении детей дошкольного возраста / С. Кошалиева // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. – 2019. – № 4(50). – С. 158-160. – DOI 10.35254/bhu.2019.50.28.

5. Эльконин Д.Б. «Психология игры». - М., 1978. 8. Э